- мугалимдердин эмгегин баалоо жана сыйлоо;
- Уставды кабыл алуу жана аны бекитүүгө сунуш берүү;
- Сабактан тышкаркы ийримдерди ачуу;
- Усулдук иштерди бекитүү;
- Мектептин жылдык планын бекитүү;
- Класс жетекчилерди жана кабинет жетекчилерин, усулдук бирикме жетекчилерин бекитүү.
-мектептин директорунун, анын орун басарларынын, ШМО жетекчилеринин жана башка педагогикалык кызматкерлеринин отчётторун угуу жана алардын иштерин жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүү;
-Мектептин ишин токтотуу (кайра уюштуруу, жоюу) байланышкан маселелерди кароо;

Мектептин Педагогикалык кеңеши зарыл учурда директор тарабынан чакырылат.

**5.2.2. Камкорчулар кеңеши**

Мектептин **Камкорчулар кеңеши** юридикалык жак статусуна ээ, уставы, мамлекеттик жана расмий тилдерде аталыштары бар мөөрү, штамптары, эсептик жана башка каржылык эсептерге ээ өз алдынча башкаруунун шайланган органы болуп эсептелет жана ушул Уставдын, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарындагы камкорчулук кеңештери жөнүндө" жобонун жана "Коомчулуктун мектепке чейинки, мектептеги жана мектептен тышкары билиминин системасында билим берүү уюштурууну башкарууда катышуу тууралуу" жобонун жана өзүнүн Уставынын негизинде иш алып барат.

Камкорчулук кеңештин ишинин негизги максаты болуп мектептин ишине коомдук контролдоону ишке ашырууда жарандардын катышуусун камсыз кылуу, мектептин коомчулук менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн жөнгө салууну, анын уставдык функцияларын ишке ашырууда колдоо көрсөтүүнү, материалдык-техникалык жана окуу базасын, окуу-тарбия жана инновациялык процесстерди жакшыртууга багытталган уюмдардын жана айрым жарандардын аракеттерин бириктирүүнү, ошондой эле бюджеттик жана бюджеттик эмес каражаттарды пайдалануунун айкындуулугун камсыз кылуу.

Камкорчулук кеңеш окуучулардын ата-энелеринен (мыйзамдуу өкүлдөрү), жарандык коомдун уюмдарынын өкүлдөрүнөн (коомдук бирикмелер, фонддор, мамлекеттик эмес мекемелер, юридикалык жана башка уюмдардын биримдиги), бизнес-ассоциациялар, кесиптик бирликтер, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнөн түзүлөт.

Камкорчулар кеңешинин милдеттери:

- Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо;
- Мектептин айлана-чөйрөсүн тартипке келтирүү;
- Ремонт иштерине көмөктөшүү;
- Олимпиада, конкурс, конференцияларды уюштуруу;
- Жетим, жарым жетим, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына жардам берүү;
- Мектеп менен тыгыз байланышта болуу;
- Ата-энелер конференциясын, чогулушун уюштуруу;
- Тарбиялоого оор окуучулардын ата-энелери, үй-бүлөсү менен иш алып баруу;
- Окуу-тарбия иштерин уюштурууга көмөктөшүү;
- Мектептин муктаждыктарын чечүүгө көмөктөшүү